# Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногу

*(2014-жылдын февраль айы)*

Февраль айында банктар аралык рынокто орточо күндүк ликвиддүүлүк деңгээлинин, өткөн ай ичинде алдыңкы банктарда үстөк камдар көрсөткүчүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында 3,5 млрд. сомдон 2,0 млрд. сомго чейин азайгандыгы байкалган.

***1-график.***

Коммерциялык банктардын үстөк камдарынын (улуттук валютадагы) жана банктар аралык кредиттеринин көлөмүнүн динамикасы

*(млн. сом.)*




Мында, репо шарттарында көбүрөөк талап кылынган каражаттар боюнча бүтүмдөр, кароого алынган мезгил ичинде да жылдык 4,9 пайыз (+1,3 пайыздык пунктка) чени боюнча жүргүзүлүп турган.

Мындан тышкары “овернайт” кредиттерине да суроо-талап жогорулап, алардын көлөмү 1,5 млрд. сомго чейин көбөйгөн, ал эми өткөн айда мындай бүтүмдөр келишилген эмес. Кароого алынган мезгил ичинде, улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин сегментинде рыноктун үч катышуучусу стандарттуу кредит шарттарында 155,8 млн. сом суммасында акча каражаттарын алышкан, бул жыйынтыгында кредиттердин сегметинде берилген бир айлык көрсөткүчтүн көбөйүүсүнө гана эмес, бүтүндөй ички банктар аралык кредиттөөнүн чогуу алгандагы көлөмүнүн өсүшүнө таасир тийгизген.

Ошентип, карыз алышуулардын ички банктар аралык рыногунда операциялардын жалпы көлөмү (“овернайт” кредиттерин эске албаганда), өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 17,6 эсеге көбөйүү менен, 1,8 млрд. сомду түзгөн. Атап айтканда, улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин көлөмү 155, млн. сомду түзгөн (өткөн айда бүтүмдөр өткөрүлгөн эмес), ал эми репо шарттарында операциялардын көлөмү 1,7 млрд. сомго чейин 16,0 эсе көбөйгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөр келишилген эмес.

Улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо алынган чен 7,3 пайызды, “овернайт” кредиттери боюнча – 5,0 пайызды түзгөн.

***2-график.***

Ички банктар аралык кредиттик рынокто операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы




Кредиторлордун концентрациялануу индекси ай ичинде 1,0дөн 0,34кө чейин төмөндөгөн, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси өткөн айдагы 0,16 каршы 0,55ти түзгөн. Бул индекстердин маанилери, рынок концентрациялануусунун орточо деңгээлинин сакталып тургандыгына жана рынокто бирдей үлүшкө ээ үч кредитордун жана 6 карыз алуучунун катышуусуна ылайык келет.

***3-график.***

Резидент эмес-банктар менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредит рыногундагы операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы




Резидент эмес-банктар менен валютада кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн айдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырмалуу 13,2 пайызга төмөндөө менен, сомдук эквивалентте 1,5 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде АКШ долларында гана ишке ашырылган резидент эмес-банктар менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,9 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (-0,3 пайыздык пункт).

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 02 | 246,6 | 3 | 11,3 | | | | | | | | | | | | | 47,8 | 7,0 | 47,8 | 7,0 | 151,0 | 14,0 |
| | 03 | 69,0 | 2 | 7,0 | | | | | | | 20,0 | 7,0 | | | | | | | 49,0 | 7,0 | | |
| | 04 | 385,0 | 6 | 6,7 | | | 30,0 | 3,5 | | | | | | | | | 40,0 | 6,5 | 266,7 | 7,0 | 48,3 | 7,0 |
| | 05 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 33,9 | 2 | 7,1 | | | 9,7 | 3,5 | | | | | | | | | | | 24,2 | 8,5 | | |
| | 07 | 336,5 | 5 | 6,9 | | | | | | | 180,0 | 6,0 | | | | | 19,7 | 8,0 | 136,8 | 8,0 | | |
| | 08 | 145,9 | 3 | 8,5 | | | | | | | | | | | | | | | 145,9 | 8,5 | | |
| | 09 | 297,4 | 6 | 7,8 | | | 50,4 | 4,5 | | | | | | | | | 49,0 | 8,5 | 50,4 | 8,5 | 147,6 | 8,5 |
| | 10 | 40,5 | 1 | 4,0 | | | 40,5 | 4,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 169,3 | 3 | 6,1 | | | | | 40,0 | 3,0 | | | | | | | 59,3 | 7,0 | 70,0 | 7,0 | | |
| 2014 | 01 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 155,8 | 3 | 7,3 | | | | | | | | | | | | | 104,1 | 7,5 | 51,7 | 7,0 | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 02 | 229,1 | 6 | 3,3 | | | 229,1 | 3,3 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 23,0 | 1 | 3,5 | | | 23,0 | 3,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 466,3 | 12 | 3,4 | 94,3 | 3,2 | 372,0 | 3,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 508,1 | 15 | 3,4 | 93,8 | 3,5 | 414,3 | 3,3 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 870,7 | 27 | 3,4 | 52,1 | 3,5 | 755,6 | 3,4 | 63,1 | 3,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | 716,9 | 21 | 4,3 | 168,3 | 3,9 | 447,9 | 3,7 | | | | | 100,8 | 7,5 | | | | | | | | |
| | 08 | 936,1 | 23 | 4,4 | 497,6 | 3,9 | 238,1 | 4,0 | 200,4 | 6,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 2070,1 | 28 | 4,0 | 823,1 | 4,0 | 1247,0 | 4,1 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 1792,3 | 29 | 4,3 | 653,0 | 4,3 | 1139,3 | 4,2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 317,5 | 12 | 4,3 | 199,0 | 4,4 | 118,6 | 4,2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 419,2 | 6 | 4,0 | 20,0 | 3,5 | 399,1 | 4,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| 2014 | 01 | 101,4 | 3 | 3,6 | 66,2 | 3,5 | 35,3 | 3,8 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 1626,8 | 36 | 4,9 | 508,0 | 5,3 | 1060,3 | 4,7 | 58,4 | 5,0 | | | | | | | | | | | | |